УДК 165.19
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-256-259

**АБДРАЗАКОВА Г.Ш.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБДРАЗАКОВА Г.Ш.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ABDRAZAKOVA G.SH.**
KNU J. Balasagyn

# ТИЛ ЖАНА ОЙ ЖҮГҮРТҮҮНҮН КАРЫМ-КАТЫШ МАСЕЛЕСИ ТУУРАЛУУ

# К ПРОБЛЕМЕ СООТНОШЕНИЯ ЯЗЫКА И МЫШЛЕНИЯ

# ON THE PROBLEM OF THE RELATIONSHIP OF LANGUAGE AND THINKING

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада тилдин коомдогу кызматы, социалдык мейкиндикте жана убакытта өнүгүп, татаалданып турган социомаданий кубулуш катары орду обзор түрүндө каралат. Ошондой эле тил менен ой жүгүртүүнүн өз ара карым-катышынын татаал илимий маселеси да каралат.

**Аннотация:** В статье раскрывается функция языка в обществе, его место как социокультурного феномена, развивающегося и усложняющегося в социальном пространстве и времени. Также рассматривается сложная научная проблема соотношения языка и мышления.

**Abstract:** The article reveals the function of language in society, its place as a sociocultural phenomenon that develops and becomes more complex in social space and time. The complex scientific problem of the relationship between language and thinking is also considered.

**Негизги сөздөр:** тил; сөз; маданият; коом; улут; тарых; реалдуулук; ой жүгүртүү; түшүнүк; ишмердик.

**Ключевые слова:** язык; слово; культура; общество; нация; история; реальность; мышление; понятие; деятельность.

**Keywords:** language; word; culture; society; nation; history; reality; thinking; concept; activity.

Тил – коомдук кубулуш катары адамдардын маалымат алмашуусун, ой-жүгүртүүсүн камсыз кылган эң маанилүү каражат, белгилердин системасы экендиги бардыгыбызга маалым. Ал аркылуу социомаданий маалыматтар, руханий жана материалдык баалуулуктар маалымат катары сакталып, муундан-муунга өткөрүлүп берилет, адамдардын жүрүм-туруму жөнгө салынат. Тил – ошол тилде сүйлөөчүлөрдүн аң-сезиминин, маданиятынын, үрп-адаттарынын, каада-салттарынын мазмунун объективдештирүүчү негизги фактор. Ошондуктан орус окумуштуу А.Р. Лурия белгилегендей, «тил – предметтерди, белгилерди, иш аракеттерди ошондой эле субъектилердин ортосундагы өз ара мамилелерди, карым-катнаштарды аныктаган коддордун татаал системасы» [1, 30-б.] катары коомдогу жекелик, топтук, уруулук улуттук дүйнө даанымдагы маалыматтык ишмердикти туюндуруучу негизги курал болуп эсептелет.

Тил – социалдык мейкиндикте жана убакытта өнүгүп, татаалданып турган социомаданий кубулуш. Ал – элдин тарыхын, тажрыйбасын, дүйнөнү таанып билүүсүн чагылдырган улуттун эс-тутуму. Адам жашоосунда тил эң чоң ролду ойнойт. Анткени адам бардык ой-максаттарын өзүнүн тили аркылуу туюндурат. Сөз байлыгы канчалык бай болсо, адамга ой-максаттарды ошончолук так жеткирүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Чындыгында эле, адамдардын ой-максаттарын түшүндүрүүнү жана түшүнүүнү, байланыш түзүүнү, маалымат алмашууну ишке ашыруучу курал – тил. Тилдин өзүнө таандык структуралык принциптери бар. Ошол принциптердин негизинде тил өзүнүн функциясын аткарат жана ал адамдардын ой жүгүртүүсүнө, дүйнөнү, коомдук кубулуштарды түшүнүүсүнө өз таасирин тийгизет. Тил – адам жашоосунун табиятын билдирген көрүнүштөрдүн бири.

Тил феномени адамдарды социалдык субъект катары аныктап, аң-сезимдин, ойломдун келип чыгышын, өнүгүшүн шарттайт. Тилдин табияты көрсөткөндөй, адамдардын тили, аң-сезими, дүйнө таанымы – бири-бири менен тыгыз байланышкан процесстер.

В. фон Гумбольдттун пикири боюнча, тил – бул адам рухунун ишмердиги, элдин бирдиктүү энергиясы. Тил – адамды адам кылган негизги күч. «Адам тил аркылуу маалымат алмашуу учурунда тилге болгон өзүнүн жөндөмдүүлүгүн ойготот жана кеңейтет. Ал өзүнүн аракетинин негизинде тилди жаратат. Тил – өлүк продукт эмес, тил – жаратуучу процесс» [2, 32-б.].

В. Гумбольдттун концепциясынын негизги жоболору төмөнкүлөргө шайкеш келет: 1) тилде материалдык жана рухий маданият чагылат; 2) тилде белгилүү бир маданияттын улуттук мүнөзү дүйнөнү көрүүнүн өзгөчө каражаттары аркылуу туюнтулат; 3) тилге ар бир элге таандык өзгөчөлөнгөн ички форма тиешелүү, ал элдин маданиятынын туюнтулушу болуп саналат; 4) тил адам менен аны курчап турган дүйнөнүн ортосундагы байланыштыруучу көпүрө болуп эсептелет [3, 74-84-б.].

Тилдин келип чыгышынын жана анын өнүгүшүнүн негизги фактору катары адамдардын тил аркылуу баарлашууга, маалымат алмашууга болгон муктаждыгы эсептелет. Белгилүү окумуштуу А.Г. Луриянын пикирине ылайык, тилге болгон муктаждыктын негизинде бүтүн сүйлөмдөрдүн татаал синтаксистик коддору, түшүнүктөр келип чыккан. Алар адамзаттын аң-сезиминин, дүйнө таанымынын жана ишмердигинин өнүгүшүнө жол ачкан [1, 25-26-б.].

Ар бир тил тигил же бул элдин жашоо тажрыйбасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал реалдуулуктун көрүнүшү катары адамдарга курчап турган айлана-чөйрөдөгү кубулуштар, процесстер жана нерселер жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ар бир тил өзүнүн табиятында дүйнөнү кабыл алуунун өзгөчө белгилерин чагылдырат.

Тил – коомдук көрүнүш. Анда коллективдүүлүктүн талабы, көз карашы кызыкчылыгы камтылган болот. Ал жеке адамдын ишмердигинин, чыгармачылыгынын жыйынтыгы эмес, ага жалпылык көрүнүшү мүнөздүү. Башкача айтканда, тилди айрым бирөөлөр ойлоп чыгарбайт же ойлоп таппайт. Тил – социалдуулук жана адамдардын коллективи менен кошо стихиялуу түрдө жаралган көрүнүш. Аң-сезим канчалык байыркы болсо, тил да ошондой байыркы. Тил – чыныгы ойдун айкын көрүнүшү. «Ой-жүгүртүү дагы, тил дагы өз алдыларынча өзгөчө дүйнөнү түзүшпөйт, алар болгону кадимки жашоонун көрүнүшү гана болуп саналат», - деген белгилүү тезис көп учурда чындыкка дал келет. Адамдардын жашоо-турмушундагы, ишмердигиндеги айырмачылыктар тилде ачык байкалат. Практикалык муктаждыктан жана ар кандай жаратылыштык, социалдык-экономикалык жагдайлардан улам тил өзгөчөлөнгөн мүнөзгө ээ болушу толук мүмкүн. Ошол эле учурда ал жашоо тажрыйбасы менен аң-сезимди тыгыз байланыштырып турган өзгөчө касиетке ээ. Тил нерселердин, көрүнүштөрдүн байланыштарын жана алардын өз ара мамилелерин туюнткан белгилердин негизинде реалдуулукту жаратат.

Швейцариялык тилчи, окумуштуу Фердинанд де Соссюр тил реалдуулугун карама-каршы жактардын, башкача айтканда, белги менен маанинин, тил менен кептин, социалдуулук менен жекеликтин бирдиги, жалпылыгы катары мүнөздөгөн [4, 329-б.]. Тилдин табиятындагы аталган эки жактын биримдиги же анын структурасынын эки катмарлуулугу анын предметтүүлүгүн көрсөтөт. Сөздүк белгилер предметти аныктайт жана аны ой менен жабдыйт.

Тил тарыхый-этникалык мүнөзгө ээ. Тилдин жалпы системасы ал тилде сүйлөгөн элдин социалдык-экономикалык, руханий-маданий жагдайлары, менталитети, жашоо образы жана дүйнө таанымы менен терең байланышкан. Ал элдин ой жүгүртүүсүнүн моделин, образын жана шарт-жагдайын калыптандырат. Ушундан улам тил – элдин ой жүгүртүүсүн чагылдырган тарыхый реалдуулук. Ушул жагдайда А.Толстой «тил – улуттун жаны. Тил бул идеялардын, сезимдердин, ойлордун чыныгы жыйынтыгы» [5, 9-б.], – деп туура белгилеген. Белгилер менен маани тилдин өзөгүн түзөт. Тилдин мааниси мааниге ээ болгон нерсе же нерселердин тобу аркылуу берилет. Мында ойдун мааниси негизги ролду ойнойт. Белгилер ар түрдүү маалыматтарды кабыл алууну, сактоону, иштеп чыгууну жана жеткирүүнү камсыз кылган материалдуу көрүнүш катары аныкталат. Ой жүгүртүү менен тилдин өз ара байланышына тиешелүү ушул маселе окумуштуулар арасындагы эки түрдүү көз карашты жаратып келет.

Бири-биринен кескин айырмаланган көп сандаган тилдер аркылуу бирдей маанидеги ой-жүгүртүүнүн берилиши тилди ой-жүгүртүүгө карата аныктоочу катары көрсөткөн теориянын келип чыгышына негиз болгон. Мындай көз караштЫ Вильгельм фон Гумбольдт [2, 3-88, 301-302-б.] жана анын пикирин жактоочулар сунушташат. Маселен, белгилүү орус окумуштуусу А.А.Потебня өзүнүн ойлом менен тилдин өз ара катнашын изилдеген эң бир баалуу илимий эмгектеринде тил, маданият жана ойломдун өз ара мамилелеринде тилди аныктоочу катары көрсөтөт [6]. Аталган көз карашка ылайык, ой жүгүртүү менен тилдик ишмердик ажырагыс жалпылыкты түзүшөт, бирок бул көрүнүштө тил аныктоочу ролго ээ. Эгерде бул көз караш менен келишсек, анда биз тил ой жүгүртүүнү калыптандырат жана аныктайт, жыйынтыгында тилдери бири-биринен айырмаланган элдердин ой жүгүртүүсүнүн бирдей түзүлүшү болбойт деген бир тараптуу пикирди колдойт элек. Бул теориянын негизинде ой жүгүртүүнүн жалпы адамзаттык мүнөзү четке кагылат, башкача айтканда, жер жүзүндө жашаган адамдардын бардыгынын универсалдуу-логикалык түшүнүгүнүн түзүлүшү жокко чыгат. Бирок тилдердин айырмачылыгына карабай, ар кандай элдердин ой жүгүртүүлөрүндөгү түшүнүктөрдүн жалпылыгына тарыхый практика ачык күбө.

Ал эми айрым окумуштуулар тил менен ой жүгүртүүнүн катышында ой жүгүртүүнү аныктоочу катары көрсөтүшөт. Биздин оюбузча, бул көз караш дагы өзүнүн бир жактуулугу менен айырмаланат. Тилди ой жүгүртүүдөн, ой жүгүртүүнү тилден ажыратуу мүмкүн эмес. Анткени алардын табияты бир, эволюциялык өнүгүүсү жалпы. П.А. Рачков адилет белгилегендей, «турмуш чындыгында тил менен ой жүгүртүү өз алдынча, бири-биринен обочолонуп жашашпайт. Алар – бир бүтүндүктүн эки жагы. Тил ой жүгүртүүсүз жашай албагандай эле, ой жүгүртүү да тилсиз жашай албайт» [7, 24-б.]. Тил менен ой жүгүртүүгө болгон ушундай көз караш алардын өз ара катнашындагы артыкчылыкты, аныктоочулукту жокко чыгарат жана бул кубулуштарды диалектикалык бирдикте кароо зарылчылыгын жаратат. Тил менен ой жүгүртүү – диалектикалык карама-каршылыктын биримдиги. Алар бирин-бири шарттоо менен өнүгүүгө дуушар болушат.

Ой жүгүртүү процессин вербалдашуу менен гана чектеп, адам баласынын ой жүгүртүүсү тилдик материалдардын негизинде, сөздөрдүн жана билдирүүлөрдүн айрым формаларында гана жашайт деген тенденциялар да илимде кезигет. Аталган көз караштЫ жактагандар ой жүгүртүүнү анын үндүү комплекси менен байланыштыруу аркылуу ой жүгүртүү тилдин базасында гана жашайт деп бүтүм чыгарышат. Бирок Л.С. Выготский ушул пикирге байланыштуу өзүнүн объективдүү көз карашын мындайча билгизет: «Сөздөгү камтылган ой жүгүртүүдө анын бардык жагы берилбейт. Сөз аркылуу берилбеген ой жүгүртүүнүн бөлүгү болот. Бул жакка инструменталдык жана техникалык ой жүгүртүүнү жана жалпы эле практикалык интеллект деп аталган тармакты кийирсек болот» [8, 35-б.]. Сөз аркылуу берилген ой жүгүртүү бул ой жүгүртүүнүн бир гана тиби болуп саналат. Бирок ар бир ой жүгүртүү сөзсүз тилдин катышы менен жаралат.

Айрым окумуштуулар ой жүгүртүүнүн тил менен түздөн-түз байланышы жок деген пикирди колдошот. Буга далил катары алар музыка же эстелик жасоодо ой жүгүртүү негизги ролду ойнойт, ал эми тилдин бул процесстерде катыштыгы жок деген жыйынтыкка келишет. Бирок бул окумуштуулар ой жүгүртүүнүн негизги каражаты тил экендигин, ар бир ой тил аркылуу гана бериле тургандыгын эске алышпайт. Чындыгында тилсиз ой белгисиз бойдон калат. Адамдын ой жүгүртүүсүнүн системасынын түзүлүшү, түшүнүктөрдүн аныкталышы жана алардын бир парадигмаларга топтолушу бир гана тил аркылуу ишке ашат.

Ой жүгүртүү менен тилдин ортосундагы байланыш көп кырдуу. Тил менен ой жүгүртүүнүн ар тараптуу өнүгүшү үчүн ой жүгүртүүнүн объективдүүлүгү, реалдуулугу, ал эми тилдин тактыгы, түшүнүктүүлүгү – шарт. «Бардык тилдер тактыкка умтулат, ал эми тактык кыскалыкты, жыйынтыктуулукту талап кылат» [5, 9-б.].

Объективдүү жана реалдуу ой жүгүртүүгө негизделген тил болгондо гана жаңыны жаратууга, эскинин жакшы жактарын улантууга мүмкүнчүлүк жаралат. Ой жүгүртүүнү жандандыра албаган тил өнүгүүгө ээ болбойт. Ушуга байланыштуу Н.Карамзиндин билдирүүсү боюнча, «тилдин байлыгы – бул ой жүгүртүүнүн байлыгы» [5, 5-б.].

Сөздөр каалагандай жарала бербейт. Аларды адамдар күндөлүк турмуштагы иш-аракеттерден, кубулуштардан, ар түрдүү тажрыйбалардан улам жаратышкан.

Жыйынтыгында, тил ой жүгүртүүдөн, ой жүгүртүү чындыктан, объективдүүлүктөн бөлүнбөйт. Ушундан улам тилдеги бир сөздү алып салуу менен, ал туюндурган көрүнүштү, нерсени же феноменди жок болду деп айтууга болбойт.

Ойломдун жогорку формасы – бул түшүнүк. Түшүнүк менен сөздүн ортосундагы байланыш ар дайым кыймылда, өнүгүүдө болот. Түшүнүктөр өзүнө чейинки түшүнүктөрдүн байланыштарынын жардамы менен жана нерсени вербалдаштыруу жолу менен түзүлөт. Ар бир коомдун тили – ошол коомдо жашаган элдин ой жүгүртүп, пикир алмашкан тили болуп эсептелет. Коомдун тажрыйбаларын жөнгө салып турган механизм да тил экени талашсыз. Ар бир тилдин өзүнө таандык ой жүгүртүү алкагы бар. Адам баласы бир тилдин дүйнөсүндө жашайт жана ойлонот. Бирдей тилде сүйлөгөн адамдар шарттуу түрдө окшош ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ушундан улам ой жүгүртүү формаларынын калыптанышында тил да чоң роль ойнойт. Биз тилибиздеги система аркылуу ой жүгүртөбүз. Бул көрүнүш жалгыз гана биздин тилибиздин күчүн аныктабастан, ошол эле мезгилде ой жүгүртүү деңгээлибиздин да негизги көрсөткүчү экендигин ачык билгизет [2, 78-88-б.].

Ошентип, тил менен ой жүгүртүү тыгыз байланышта өнүгүүгө ээ болот. Тил өзүнүн имманенттүү өнүгүшүндө ой жүгүртүүнүн моделин, образын жана шарт-кырдаалдарын калыптандыруучу каражат болуп саналат. Ал ой жүгүртүүнүн материалдык түзүлүшү болуп эсептелет жана сөздөр аркылуу өз жашоосун уланта алат. Ой жүгүртүүсүз тил, тилсиз ой жүгүртүү болбойт, булардын табияты бир. Адам сөздөрдүн же тилдик башка каражаттардын негизинде өзүнүн каалоосун, ой пикирин билдирет. Бул болсо адамдын ой жүгүртүүсү тил аркылуу ишке ашат дегендикке жатат. Башкача айтканда, тил менен ой жүгүртүүнүн ортосунда тыгыз байланыш бар. Тил аң-сезим менен ой жүгүртүүнүн эң жогорку чындыгы болуп саналат. Адам баласында сүйлөшүү жөндөмдүүлүгү жок болсо, анда адам баалуулуктарды, керектүү маалыматтарды сактап, аларды келечек муундарга өткөрүп бере алмак эмес. Горизонталдык же вертикалдык түрдө мезгилдик жана мейкиндик чөйрөлөрдө тажрыйбаларды топтоп, аны турмушта колдонууга негиз болгон жагдайлардын бардыгы тилге жана сүйлөө жөндөмүнө байланыштуу. «Тил – маданияттын фактысы, тил – биз мурастаган маданияттын түзүмдүк бөлүгү жана ошол эле учурда анын куралы. Элдин маданияты тилде вербалдашат, тил гана аны белгилерге – сөздөргө айландыруу менен, маданияттын негизги концепттерин өзүнө топтойт» [9, 62-б.],

Жыйынтыктап айтканда, ар убакта тил маданияттын күзгүсү да, куралы да боло алат. Бул жагдайлар негизги каражаты тил болуп эсептелген маалымат алмашуу жана коммуникация процесстеринде ишке ашат. Дүйнө чагылдырылуучу жалгыз объект болгондуктан, ар бир улуттук тил ошол тилде сүйлөгөндөр үчүн өзгөчөлөнгөн, кайталангыс, объективдүү дүйнөдөн кескин айырмаланган өзгөчө дүйнө сүрөтүн түзбөйт. Улуттук тил дүйнө сүрөтүнө болгону улуттук менталитет, маданият, каада-салт сыяктуу ж.б. коомдук көрүнүштөр менен шартталган өзгөчө түс, боёк берет. Этникалык жамааттын дүйнө көрүү, дүйнө таанууга карата мүнөздүү өзгөчөлүктөрү улуттук ишмердиктин чагылышы катары кыргыз тилинде ой жүгүртүп, ошол тилде сүйлөгөндөрдүн аң-сезиминде сакталган билимдерден көрүнөт. Бул маселелерди концепттерди талдоого катышкан тилдик факты-материалдар аркылуу далилдөөгө болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Лурия А.Р. Язык и сознание. – Москва: Вектор, 1979, 297 с.
2. Гумбольдт В. Избранные труды по языкознанию. – Москва: Прогресс, 1984, 397 с.
3. Гумбольдт В. Язык и философия культуры. – Москва: Прогресс, 1985, 451 с.
4. Лешкевич Т.Г. Философия. Вводный курс. – Москва, 1998. – 464 с.
5. В мире мудрых мыслей: афоризмы, изречения, литературные цитаты / Сост. С. Воробьев. – Уфа, 1985, 245 с.
6. Потебня А.А. Мысль и язык. – Москва: Лабиринт, 1999, 269 с.
7. Рачков П.Я. Мышление и язык. – Москва: Изд-во МГУ, 1960, 39 с.
8. Выготский Л.С. Мышление и речь. – Москва; Ленинград [б. и.], 1934, 35 с.
9. Маслова В.А. Лингвокультурология, – Москва: Академия, 2001, 204 с.


**Рецензент: д.филол.н., профессор Мусаев С.Ж.**